# Тумшугу менен жер сүзсүн, дагы тумшугу менен жер сүзсун, дагы тумшугу менен жер сүзсүн". Бирөөлөр: О, Аллахтын элчиси, ким тумушугу менен жер сүзсүн? деп сурады. Ал: "Анын ата-энеси экөө тең же экөөнүн бири картайган кезине жетсе, (аларга кызмат кылып) бейишке кире албаган адам" - деди

Абу Хурайра (ага Аллах ыраазы болсун) баяндайт, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген: "Тумшугу менен жер сүзсүн, дагы тумшугу менен жер сүзсун, дагы тумшугу менен жер сүзсүн". Бирөөлөр: О, Аллахтын элчиси, ким тумушугу менен жер сүзсүн? деп сурады. Ал: "Анын ата-энеси экөө тең же экөөнүн бири картайган кезине жетсе, (аларга кызмат кылып) бейишке кире албаган адам" - деди.
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган.]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимдир бирөөнү кор болуп, шерменде болсун деген мааниде "тумшугу менен жер сүзсүн" деп үч жолу дуба кылды. Бирөөлөр: О, Алланын элчиси, кимге мындай каршы дуба кылып жатасыз? деп сурайт. Ал: Кимдин ата-энеси экөө тең, же экөөнүн бири баласынын колунда картайса, ошолордун картайганы баласынын бейишке кирүүсүнө себеп боло албаса б.а. аларга жакшы мамиле кылбай, алардын каргышына калса, ошол бала тумшугу менен жер сүзсүн деп жооп берди.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee